**УДК:894.341:82.31(575.2)(04)**

**ОРОЗАЛИЕВА Ж. М.**
Ж.Баласагын атындагы КУУ, Бишкек
**OROZALIEVA J. M.**
J.Balasagyn KNU, Bishkek

# XX К. 40–50-ЖЫЛДАРДАГЫ КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОР ТААНУУ ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНЫШ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

Тенденции формирования кыргызской фольклористики в 40–50-гг. XX в.

Trends in the formation of Kyrgyz folklore studies 40-50-s.XXv

Макалада 40–ы5л0д-ажрдагы кыргыз фольклор таануу илиминин калыптанышынын негизги шарттары, өбөлгөлөрү тууралуу кеп болуп, элдик чыгармаларды жыйноо,аларды хронологиялык тартипте системалаштыруу, жыйналган фольклордук чыгармаларды жарыялоо, башка тилдерге которуу,фольклордук материалдардын таралуу аймагы жана анын варианттарынын өзгөчөлүгүн аныктап чыгуу, бул чыгармалардын жазма адабият менен болгон байланышын белгилөө,башка элдердеги фольклордук чыгармалардын аналогдоруна салыштырма-типологиялык иликтөө жүргүзүүдөгү ийгиликтер баяндалат. 40-жылдардын башында кыргыз фольклордук материалдарынын тексттеринин массалык түрдө жарык көрсө, илимий изилдөө жүргүзүү да жанданып, олуттуу мүнөзгө ээ болуп, сандык жана сапаттык көрүнүштөр болгон. Ал эми 40-жылдардын экинчи жарымынан тартып,фольклор таануу илиминин калыптануу эволюциясынын жаңы этаптык көрүнүшү негизделгендиги айтылат.
**Урунттуу сөздөр**: фольклор таануу илими; жазып алуу жыйноо; кагаз бетине түшүрүп алуу; чогултуу; иреттөө; жарыялоо; обзор; фольклористика; жанр; классификациялоо; хронология; летопистик мүнөздөмө; изилдөөчү; өбөлгөлөр; аныктама; анализ; макала; калыптануу;, өнүгүшү; башка тилдерге которуу; салыштырма-типологиялык иликтөө жүргүзүү.

В данной статье рассматриваются основные условия формирования кыргызской фольклористики в 40-50 гг. XX века, сбор народных произведений, систематизация их в хронологическом порядке, публикация собранных фольклорных произведений, перевод на другие языки, рапространение фольклорных материалов путем изучения их особенностей и вариантов, также обозначено взаимодействие с письменной литературой, сравнительно-типологических исследований с аналогами фольклора других народов. В начале 40-годов наблюдается массовая публикация материалов кыргызского фольклора, происходит рост научных исследований кыргызской фольклористики, этим самым уделяется большое внимание количеству и качеству данных произведений.

Начиная с половины 40-годов формирование фольклористики как науки считается одним из основных эволюционных этапов.

**Ключевые слова**: фольклористика; заметки; сбор письменных источников; публикация; обзор; жанр; классификация; хронология; летописная характеристика; исследователь; предпосылки; определение; анализ; статья; формирование; развитие; перевод на другие языки; сравнительно-типологические исследования.

This article discusses the basic condition of the formation Kyrgyz folklore studies of 40-50 years, the collection of folk works, systematization of them in chronological order, the publication of collected folklore works, translation into other languages, distribution of folklore materials by studying their features literature. Also the article is about of the comparative typological studies with analogues of the folklore of other nations. At the beginning of the 40s, there has been a massive publication of materials from Kyrgyz folklore, an increase is being made in the conduct of scientific research on Kyrgyz folklore studies, and thereby also pays great attention to the quantity and quality of this works.

The formation of folklore as a science is considered one of the main evolutionary stages since half of the 40s.

**Keywords:** folklore studies; notes; collection; written sources; publications; review; genre; classification; chronology; chronicle description; researcher; background; definition; analysis; article; formation; development; translation into other languages; comparative typological research.

40–50-жылдардын аралыгында фольклор таануу илиминин калыптанышы саясий-идеологиялык абалга карата карама-каршылыктуу, бири-биринен түп тамырынан бери айырмаланган контрасттуу көрүнүштөрдүн негизинде өнүктү. Бул мезгил илимдин тарыхындагы эң бир динамикалуу, методологиялык принциптердин кагылыш доору катары тарыхта калды. Фольклордук адабиятты эми мурдагыдай массалык түрдө жазып алуу сейрек тарта баштаганы сезилет, бул көрүнүш бир жагынан ошол элдик чыгармаларды көкүрөгүнө жат сактап, өнүктүрүп келген эл арасындагы таланттуу адамдардын бара-бара азайып баратышынан болсо, экинчиден 20–30-жылдарда өзгөчө жазып, жыйнап, кагаз бетине түшүрүп алууга болгон элдик жана атайын адистердин кызыкчылыгынын басаңдашы да себеп болгон. Буга кандайдыр бир деңгээлде ошол учурдагы өлкөдө жүрүп жаткан саясий абалдын курчтугу да бир топ түрткү берген. Анткени борбордон башталган жеке бир адамдын керт башына таянган культтук авторитаризмдин түздөн-түз курмандыгы катары элдин байыркы маданияты, фольклордук адабияты, эстеликтери жокко чыгарылган. Аны колдогондор «эскини жактоочулар»,

«пантүркчүл», «панисламист», «феодалдык чириген турмушту көксөгөндөр» катары опсуз жалган айыптоолорго, жалааларга кириптер болушкан. Тагдырдын башка салган оор кыйноо-кыстоолорун баштан кечирип, бийликтин өкүм саясатына баш ийүү менен жасалма түрдө эскини, тарыхты, эл маданиятын, анын ичинде фольклордук адабияттын эң мыкты үлгүлөрүн тарых бүктөмүндө, саргайган барактарга калтырууга мажбур болушту.

Ошого карабастан, 40–50-жылдарда кыргыз фольклор таануу илиминин айдыңында бир топ илимий өзгөрүүлөр, жылыштар байкалганын көрүүгө болот. Бул элдик чыгармаларды изилдөө ишинде өзгөчө көрүнөт. Мында окумуштуу-изилдөөчүлөр тарабынан элдик чыгармалардын табиятын, көркөмдүгүн, эл турмушун сүрөттөө арсеналын чагылдыруу өзгөчөлүгүн изилдөө менен улам жаңы ийгиликтерди жарата беришти.

Бул этапта маалымат берүү, справка, документтик негиздеги макалалар көбүрөөк жарыялангандыгына күбө болбуз. Алардын классикалык үлгүсү катары төмөнкү макаланы атоого болот. Анда окумуштуу А.Н.Бернштам өзүнүн «Фольклор жана этнография боюнча Орто Азиялык кеңешме» [1:1944] деген макаласында Ташкентте фольклор жана

этнография боюнча Орто Азиянын кеңешмесиндеги (1944) докладынын мазмунун камтыган. Бул эмгектин тулкусунан «Манас» эпосуна болгон зор кызыгуу байкалып турат. Мындагы ойлорун ал андан ары “Манас” эпосунун келип чыгышы» аттуу эмгегинде улап, анын тарыхый түзүлүшүн аныктоого аракет жасаган. Жалпысынан, бул макала кыргыз фольклордук адабиятын санап өтүү менен чектелип, ага кургак гана түшүндүрмөлөрдү берип тим болгон. Ал эми Г.А.Самариндин “Этнографические и фольклорные работы в Киргизской ССР” [2:1948;234] деген эмгеги да ушул эле чектен ары чыга алган эмес. Ал 1948-жылга чейинки фольклористика жаатындагы чогултуу, жыйноо жана ireттөө боюнча иштелген ийгиликтерге токтолот. Жыйноо жана изилдөө иштеринде жүрүп жаткан алгылыктуу жагдайлар тууралуу сөз кылат. «…Кыргыз фольклордук адабиятын жыйноо иши Октябрь революциясы жеңген учурдан кийинки мезгилде жолго коюлду. Ушул мезгилде зор, баалуу жыйынтыктарды берди. Бүгүнкү күндө Тил, адабият жана тарых институтунун фондусунда зор көлөмдөгү бардык жанрдагы фольклордук материал чогултулуп, сакталып тургандыгы белгилүү. Майда поэтикалык жанрдагы жана кара сөз түрүндөгү 2500 аталыштагы чыгармалардын жалпы көлөмү 850гө жакын басма табак көлөмдү түзөт. “Манас” эпосу боюнча топтолгон материалдар 1 255 000 ыр жолунан туруп, 2000 басма табак көлөмүн түзөт» [3:1948;236] деп кыргыз эл оозеки чыгармаларынын жыйналып, топтоштурулушундагы жыйынтыктарды жалпылаштырат. Андан ары ири эпикалык чыгармалардын жыйналганын, көлөмдүк өзгөчөлүгүн белгилөө менен эпосторду айтуучулардын айтуу чеберчилигиндеги жекечеликтерди бөлүп көрсөтүүгө аракет кылган. Ушул сыяктуу эмгектерде кыргыз фольклористика илиминин жазып алуу, жыйноо тармагынын абалы тууралуу так маалымат берген фундаменталдуу эмгек экендиги менен баалуу. “Манас” үчилтигинин сюжетин биринчи толук жазып алуу С.Орозбаковдун айтуусу боюнча (200 000 сап ыр жолунан ашык) 20-жылдары ишке ашса, С.Каралаевден жазып алуу (300000 ыр сабынан ашык) дагы эле улантылып келе жатканы сөз болот. Бул эки варианттан бөлөк дагы фондуда М.Мусулманкуловдун, Ж.Кожековдун, Акмат жана Шапак Рысмендеевдердин, Куйручуктун ж.б. айтуучулардын оозунан жазылып алынган варианттар жана эпостун үзүндүлөрү бар. Ошону менен катар башка кыргыздын кенже эпосторунун да тексттери: “Курманбек”, “Төштүк”, “Жаныш-Байыш”, “Табылды баатыр”, “Кожожаш”, “Мендирман” ж.б. сакталып турат.”– деп кыргыз фольклористикасындагы жыйноо иши изилдөө менен жарыялоого караганда алда канча тез темп менен жемиштүү иштеп жатканын баса белгилейт. Автор 40-жылдардагы фольклористика илиминин жалпы картинасын тартат, ага эмпирикалык негизде илимий сыпаттама берет.

Ушундай эле үстүрт иликтөөнү, жөн гана кургак маалыматтардын жыйындысын “Фольклор жөнүндөгү лекциялар” [4:1946] аттуу макала да толуктайт. Бул материалда

«Манас» эпосунун 1100 жылдыгын белгилөө боюнча иш чаранын даярдыгына болгон камылга тууралуу жана пландар жөнүндө баяндалат. Ошону менен катар, жалпы обзор түрүндөгү жалпыланган чакан макалалардын тобу жарыяланып турган: Абрамзон С.М.

«Творчество киргизского народа»; «Творчество киргизского народа»; Жакишев Ө.

«Оозеки адабият жана анын түрлөрү»; «Очерк культуры киргизского народа» (Фрунзе: -1945); «Киргизские пословицы»; Керимжанова Б. «Киргизская народная мудрость»;

Дементьев Д.П. «Киргизские легенды о птицах» аталыштагы эмгектеринде [5:1947; 1949] кыргыз оозеки адабиятына жалпы обзор берет.

Ошентсе да фольклордук чыгармалардын маңызына баа берип, адабий терең талдоо берүүгө аракет кылган эмгектер да жок деп айтууга болбойт. Мындай эмгектердин катарында алгач окумуштуу-фольклорист М.Богданованын макалаларын атоого болот. Кыргыз фольклористика илиминин калыптануу кыймылын М.Богдановасыз (1908 – 1962) элестетүү өтө кыйын. Бул окумуштуу өзгөчө 40-жылдары кыргыз фольклоруна бөтөнчө бир стихия менен берилип, өтө кызыгып, жемиштүү иштеген. М.И.Богданованын

«Кыргызстандагы фольклордук иштер туурасында» жана «Кыргыз элинин фольклордук мурасы» (Советская Киргизия–1945.–8-сентябрь.), ошондой эле "Кыргыз фольклорунун жанрдык келип чыгыш маселесине карата" [6:1944;214. 1945;85] деген эмгектеринде окумуштуунун көп жылдык изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары чыгарылат. Бул эмгектер М.Богданованын кыргыз фольклору жана анын тарыхы, мүнөздүк өзгөчөлүктөрү, жанрдык касиет-белгилери туурасындагы илимий ой жүгүртүүлөрүн бөлүп көрсөтөт. Өзгөчө анын кыргыз эл оозеки чыгармаларын классификациялаган бөлүштүрүүсүн кыргыз фольклористикасынын жанрдык, тарыхый жактан өнүгүшүндөгү көп жактуу өтө уникалдуу өзгөчөлүктөрүн, касиеттерин белгилөө керек. Ошондой эле генезистик бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүп туруучу илимий алгачкы системалык иштелме катары кароо зарыл. Автор өзү түзгөн схемага ылайык, фонддун негизги бөлүгүнө паспортизация процесси жүргүзүлүүсүн, элдик чыгармаларды жанр жана айтуучулар боюнча бөлүштүрүп, анын натыйжасында каталог түзүүнү сунуштайт. Бул, албетте, ошол учурдагы эң актуалдуу проблемаларды көтөрүп чыккандыгы менен баалуу. Макалалардын негизги өзөгүн фольклордук чыгармаларды иреттөө, профессионал адабияттай системалаштыруу демилгеси коюлуу, ага туура мамиле кылуу менен илимдин мындан аркы өнүгүш тарыхына чоң салым кошо аларыбыз шексиз экендигине өзгөчө басым жасалган.

Бул жылдары мектеп программасына ылайык, окуу үчүн жалпы маалыматтар берилген эмгектер жарыяланып турган. К.Рахматуллин жана К.Нанаевдин «Биздин адабият» 1943

«8 – 10-класстар үчүн кыргыз адабиятынын программасы» [7:1943; 1-156. 1943;20-22]

деген окуу китептеринде С.Орозбаковдун варианты боюнча «Манас» эпосунан үзүндү,

«Төштүк», «Курманбек» эпостору, ырымдар, дарымдар, эмчилик ырлары, макал-лакаптар, эмгек, каада-салт ырлары, үрп-адат ырларынын үлгүлөрүн берген. Мында айрым кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын жанрларын классификациялоого аракеттер жасалган. Ошондой эле Т.Байжиевдин «Биздин адабият» [8:1948] аттуу окуу китебинде алгачкы жолу кыргыз эл оозеки адабияты тууралуу маалыматтар берилген. З.Бектенов, Т.Байжиев тарабынан жазылган окуу китебинде кыргыз фольклору тууралуу илимий маалыматтар топтому алгачкы жолу мектеп программасына ылайык киргизилүү менен мектеп окуучуларынын окуу материалы катары милдеттүү түрдө окутула баштаган. Бул аталган авторлордун «Кыргыз адабияты» [9:1949] деген эмгеги өз кезегинде кыргыз фольклористикасындагы жана маданий агартуу тармагындагы жаңылык катары коомчулук тарабынан өтө жылуу кабыл алынган. Мында алгачкы жолу кыргыз фольклористика илиминин пайдубалын түптөшкөн окумуштуу-изилдөөчүлөр тууралуу

кеңири сөз болот. Ч.Ч.Валиханов, Р.Р.Радлов Г.Альмаши, А.Диваев, П.Фалев, К.Мифтаков, Ы.Абдырахманов, К.Рахматуллиндин өмүрү, чыгармачылыктары тууралуу кыскачы маалыматтарды, XIX кылымдын аягынан XX кылымдын 40-жылдарына чейинки кыргыз фольклористика илиминин тарыхына, өсүш прогрессине хронологиялык пландагы летопистик мүнөздөмө берген. Эмгек мына ушул баалуулугу менен кийинки фольклор изилдөөчүлөргө чыйыр ачкан. Илимдин калыптануу процессине салымын кошо алган. Чынында эле эмгекте кыргыз фольклористтери алардын эмгектеринин салмак-баасы кыргыз фольклористика илиминин генезиси, андагы мыйзам ченемдүүлүктөр, саясий-тарыхый жана социалдык-маданий өбөлгөлөр аныкталган. Ал очерктик стилде ишке ашырылган. Эмгекте оозеки чыгармалар классификацияланган. Чынын айтканда, бул классификацияда фольклордук адабияттын бардык түрү жана жанрлары камтылган эмес. Атүгүл айрым учурда чаташууларга жол берилген. Бирок, ал кыргыз фольлордук адабиятын топторго, түрлөргө бөлүштүрүүдөгү алгачкы тажрыйба катары баалуу. Бул багытта иш алып барышкан кийинки изилдөөчүлөр ушул эмгектеги бөлүштүрүүнү жетекчиликке алганы белгилүү.

Бул жылдары өзгөчө оозеки чыгармаларды жанр боюнча топтоштуруп чыгаруу иши колго алынган. Анын мисалы катары макал-лакаптардын жыйнагы болуп эсептелген Д.Ашубаев жана Н.Чекменовдун «Пословицы киргизского народа» деген эмгегинде кыргыз макал-лакаптарын классификациялай: таптык мамилелер тууралуу; душмандык, карыз, достук жана туулган жерди сүйүү туралуу; ач көздүккө, эки жүздүүлүккө, саткынчылыкка, коркоктукка каршы; билим, акыл жана сөз күчү тууралуу; акылсыздыкка каршы; сыймыктануу жана көрө албастык, турмуш-тиричилик, үй-бүлө, нике тууралуу, жана динге каршы макал-лакаптар ж.б. деп бөлүштүргөн. Бирок, макал- лакаптардын аалам, жаратылыш, коом тууралуу көрүнүштөр менен параллель моралдык-этикалык эрежелерди кошо бере турган сапатын көңүл сыртына калтырган. Ушул эле эмгегин авторлор саал кийинчерээк "Советская Киргизия" [10:1940;213] газетасына да жарыялашкан.

Конкреттүү бир гана эпостун тигил же бул проблемалары тууралуу изилдеп, ал боюнча илимий пикир айтууга болгон далалат кулач жая баштаганы байкалган. Буга К.Рахматуллиндин «Великий патриот легендарный «Манас» [11:1942; 124] деген эмгеги күбө өтөт. Өзгөчө С.Орозбаков жана С.Каралаевдин варинаттарындагы традициялык мотивдерге автор басым жасаган. Мында изилдөөчү улуу кыргыз эпосунун эки вариантын бири-биринен идеялык-көркөмдүк деңгээли, көлөмдүк жактан болгон айырмачылыктарын параллель коюп талдоого алат. Бул эмгек кыргызча которулуп («Улуу патриот, укмуштуу «Манас») жарыяланган. Ошондой эле автор «Манасчылар» эмгегин жарыкка чыгарган. Мында ал манасчылар жана алардын чыгармачылык өнөрканасы, чеберчилиги, дарамети, дегеле бул өнөрдүн мүнөзү тууралуу сөз кылат. Айтуучулардын өмүр баяны, кайсы манасчылардан таасирленгени тууралуу маалыматтар берилген. Өзгөчө эпосту айтуучулардын өмүр баяндары, алардын айрым чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тууралуу илим үчүн кызыктуу, азыр да актуалдуулугун жоготпогон байкоолорун ортого салган [12:1942;124].

С.М.Абрамзон «Кыргыздардагы аскердик уюмдардын жана техниканын өзгөчөлүгү» деген эмгегинде «Манас» эпосунун идеялык-көркөмдүк мазмунундагы согуштук окуялар,

ага даярдыктын жүрүшү, аскердик камылга, курал-жарак жана согушуу чеберчилиги тууралуу сөз кылат. Автордун бир катар илимий ойлору көрүнүктүү түрк изилдөөчүсү Абдулкадыр Инандын «Манастагы идеология жана каармандар» жана «Манас» дастанында чагылдырылган түрдүү катмарлар» деген эмгектериндеги көз караштар менен үндөшүп кетет. Ал эми түрк элдеринин эпосторун салыштырып, жалпылаштырып изилдеген Е.Э.Бертельстин «К вопросу о традиции эпоса тюркских народов» аттуу эмгегинде түрк тилдүү элдердин эпосторундагы салттуулукка, сүрөттөөлөрдүн бөтөнчөлүгүнө жана өзгөчө аттардын образына кайрылган [13:1945;24].

Бул мезгил аралыгында В.И.Жирмунский Фрунзедеги окуу жайлардын студенттерине

«Манас» эпосуна байланыштуу бир нече (алсак, «Орто Азия элдеринин эпостук чыгармаларын үйрөнүүнүн жыйынтыгы жана милдеттери», «Эпостун поэтикасы»,

«Манасты» жазуунун методикасы» деген темалардагы) лекцияларды окуп, «Манас» эпосунун орус жана кыргыз тилинде Академиялык түрдө басылып чыгышын даярдоого катышат. Ушул иликтөөлөрүнүн жыйынтыгын автор «Введение в изучение эпоса

«Манаса» [14:1948;110]. аттуу китебинде берип, эпосту кыргыз элинин баа жеткис көркөм мурасы катары аныктайт. Албетте, мында изилдөөчү эпостун негизги өзөк окуяларын анализге алуу менен эпостун жаралуу тарыхына көз жүгүртөт. Эпостун образдар системасын талдайт, ошону менен катар эпосту айтуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө аракеттер жасайт.

1944-жылдын 1-февралында Тил, адабият жана Тарых институтунда ачык жыйын болуп, анда «Манас» эпосунун пайда болуш доору» тууралуу Бернштамдын доклады окулуп, бул багытта талкуу уюштурулган. Ушул эле жылдын 4–14-апрелинде Ташкентте фольклор жана этнография боюнча Орто Азиялык конференция өткөрүлгөн. Анда Т.Саманчин «Манас» эпосунун варианттары жана сюжети», К.Рахматуллин «Манас» эпосун айтуучулар», М.Богданова «Кыргыз фольклорундагы жанрлардын келип чыгышы тууралуу маселеге карата», А.Валитова «Эпостогу Джаангер-кожо жана тарых», С.М.Абрамзон «Кыргыздардагы аскердик уюштуруу иштери жана анын техникасы», А.Н.Бернштам «Кыргыздын баатырдык эпосу «Манастын» жаралыш доору» деген докладдарды окушкан [13:1945;20]. Аталган конференциянын жыйынтык резолюциясында: алигиче элдик оозеки чыгармачылыктын жыйналган үлгүлөрү боюнча окумандарды канааттандыра турган толук кандуу жыйнактын жоктугу; буга чейин чыккан китептердин сапаттык жактан өтө начар чыккандыгы; фольклордун бардык жанрларына бирдей мамиленин жоктугу; фольклористика боюнча атайын квалификациялуу адистердин жетишсиздиги сыяктуу фольклор изилдөө илиминдеги кенемтелерди белгилеп, аны жоюу үчүн айрым иш-чаралар көрсөтүлгөн.

Бул учурда кыргыз эл оозеки адабиятынын теориялык маселелерин изилдөөгө болгон кадамдар байкалат. К.Рахматуллиндин «Кыргыз совет адабиятынын чыгышы», М.И.Богданованын «Фольклорное наследство киргизского народа» жана «Киргизская литература» [15:1941;1-5-б 1945; 1947; 290-б ] эмгектерин мына ушундайча мүнөздөөгө болот. М.Богданова, Ө.Жакишев, Т.Саманчин, К.Рахматуллин тарабынан коллективдүү иштелген «Кыргыз адабиятынын очерктери» [16:1943;247] деген эмгеги кыргыз адабият таануу жана фольклористика илиминин тарыхындагы тарыхый, маданий жагынан алганда

олуттуу көрүнүш. Анын фольклорго арналган главаларын адабиятчы М.И.Богданова иштеген. Адегенде ал фольклордук адабият жана анын жыйналышын изилдөө тарыхына кыскача обзор түрүндө токтолуу менен кыргыз фольклористикасындагы теориялык маселелерди чечмелегенге аракеттерди жасайт. Окумуштуу фольклордук адабиятты

лирикалык жана эпикалык жанрлар деп экиге ажыраткан. Ал кыргыз фольклордук

адабиятын изилдөөдө жергиликтүү түпкүлүктүү элдин улуттук менталитетин эске албастан, басымдуу учурда батыш элдеринин мүнөзүнө ылайык мурда иштелип чыккан фольклордук чыгармаларды бөлүштүрүү тажрыйбасын жетекчиликке алган. Автор изилдөө материалын тереңден өздөштүрбөгөндүктөн жана элдин нукура рухий байлыгынын мүнөзүн жеткиликтүү түшүнбөгөндүктөн жанрга бөлүштүрүүдө бир эле түрдү эки жанрга тең киргизип жиберүүгө жол берген. Мындан бөлөк ал кыргыз фольклордук адабиятын жанрларга бөлүштүрүү процессинде профессионал адабиятка тиешелүү адабий белги-касиеттерди да элдик оозеки адабияттын салттык көрүнүшү катарында кароо позициясы менен изилдөө жүргүзгөн. Ал учурдагы абалга жараша элдик чыгармаларды саясий кырдаал, таптык мамиле менен байланыштырып карап түшүндүрөт. М.Богданованын Х.Карасаев менен бирдикте жазылган «Адабият жана анын багыттары жөнүндө кыскача түшүнүк» (Советтик Кыргызстан, 1943. №3–64-73-б.) деген макаласында жана «Кыргыз фольклорун классификациялоо боюнча бир нече маалыматтар» [17:1943;64-73-б. 1943;147-156-б] деген эмгектеринде оозеки чыгармачылыктын айрым түрлөрүнүн чыгыш табиятын, алардын мүнөздүү белги-

касиеттерин аныктап, ага жараша топторго бөлүштүргөн.

Элдик чыгарманы өзүн гана иликтеп тим болбой, аны алып жүрүүчүлөрдүн, айтуучулардын чеберчилик өнөрканасынын табиятын ачып берүүгө болгон аракеттери да аталган учурда жанданган. Буга К.Рахматуллиндин «Манасчылар» деген макаласы күбө [12:1942;124]. Мында изилдөөчү улуу кыргыз эпосунун эки вариантын бири-бирине маанилик жана көлөмдүк жактан терең салыштырууга алган. Сагымбай менен Саякбайдын варианттарынын ортосундагы жалпылыктар менен кошо алардын мазмунун, ошондой эле традициялуу мотивдердин бул варианттардагы бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүп, иликтөөгө алганы белгиленет. Өзгөчө эпосту айтуучулардын өмүр баяндары, алардын айрым чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тууралуу байкоолорун ортого салган.

Өткөн кылымдын 40–50-жылдар аралыгындагы кыргыз эл оозеки адабиятын жарыялоо иши бир топ динамикалык мүнөз алып, бул жаатта бир кыйла иштер аткарылып жатканын кабарлайт. Элдик чыгармаларды жарыялоонун жемиштүү мөмөлөрү катары төмөнкү жыйнактарды күбөгө тартып көрөлүк: Олжобай менен Кишимжан –Фрунзе: 1940; Эр Табылды –Казань-Фрунзе: 1940; Каныкейдин жомогу: «Манас» сериялары.

/С.Каралаевдин айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/ -Ф.: 1940. –108 б; Манастын өлүмү: «Манас» сериялары. /С.Каралаевдин айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/-Ф.: 1940.–64 б.; Манастын балалык чагы: «Манас» сериялары. /С.Орозбаковдун варианты боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/-Ф.: 1940.–132 б.; Алооке хан: «Манас» сериялары. /С. Орозбаковдун айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/-Ф.:1940.–56 б.; Макел дөө: «Манас» сериялары. /С.

Орозбаковдун айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/– Ф.:1941.–64б.; Каныкейдин Тайторуну чапканы: «Манас» сериялары. /С.Каралаевдин айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ө.Жакишев/-Ф.:1941.–56 б.; Семетейдин Букардан Таласка келиши:

«Манас» сериялары. /Тоголок Молдонун айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/–Ф.:1941.–56 б.; Үргөнч: «Семетейден үзүндү»: «Манас» сериялары.

/А.Рысмендеевдин айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/-Ф.: 1941.–64 б.;

«Чоң казаттан» үзүндү: «Манас» сериялары. /С. Орозбаковдун айтуусу боюнча; Басмага даярдаган Ы.Абдырахманов/; Эр жигит эл четинде, жоо бетинде (Патриоттук эл чыгармалары) Түзгөн: Ж.Бейшеев жана Абдыкеримов.–Ф.: Кыргызмамбас.–1942.; Н.А. Мучниктин котормосунда орус тилинде кыргыз эл жомоктору жарыяланган (Киргизские сказки–Ф.:-1944.); Кыргыздын макал-лакаптары Түзгөн: Б.Керимжанова–Ф.:-1948.; Кожожаш (Даярдаган: З.Мамытбеков ж.б.)–Фрунзе:1949.; Кедейкан (Даярдаган: Т.Үмөталиев) –Фрунзе:1950. ж.б. Бул аталган жыйнактар 1940-жылдан тартып 1950-жылдар аралыгында жарыкка чыккан элдик оозеки чыгармалардын толук эмес тизмеси. Ушул тизмеден улам бул мезгилде элдик оозеки материалдарга олуттуу мамиле жасалып, буга чейин жыйналып алынган материалдарды жарыялоого жана аны илимий изилдөөгө карата масштабдуу аракеттердин болгондугун белгилейбиз.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. А.Н.Бернштам «Фольклор жана этнография боюнча Орто Азиялык кеңешме» //Советская Киргизия.–1944.–30-апрель.

2. Самарин Г. Этнографические и фольклорные работы в Киргизской ССР //Сов. этнография. –

1948. – №1. – С. 234-237.

3. Самарин Г. Этнографические и фольклорные работы в Киргизской ССР //Сов. этнография. –

1948. – №1. – С. 234-237.

4. “Фольклор жөнүндөгү лекциялар” //Кызыл Кыргызстан. –1946. –2-июнь. -№109.

5. Абрамзон С.М. «Творчество киргизского народа» //Советская этнография. – Вып. III. –М.-Л.: - 1940.-№3; Жакишев Ө. «Оозеки адабият жана анын түрлөрү» //Кыргыз совет адабияты. -№3-4.

– 68-73. б.; «Очерки культуры киргизского народа» //Фрунзе: - 1945; «Киргизские пословицы»

//Смена – 1946. - №11-12. –14 с.; Керимжанова Б. «Киргизская народная мудрость»

//Комсомолец Киргизии. – 1947. –20-ноябрь; Дементьев Д.П. «Киргизские легенды о птицах»

//В кн.: Охрана природы. Сборник. №6.–М.: -1949. – 42-49 с.

6. Тил, адабият жана тарых институтунун эмгектери –Фрунзе. –Чыг. I.–1944.–с.214; Кыргыз элинин фольклордук мурасы» //Советская Киргизия–1945.–8-сентябрь; Кыргыз фольклорунун жанрдык келип чыгыш маселесине карата //Тил, адабият жана тарых институтунун эмгектери–Чыг.I.–1945.–С.85-96.

7. К.Рахматуллин, К.Нанаев «Биздин адабият» //Фрунзе: Кыргызмамбас–1943; 8-10-класстар үчүн кыргыз адабиятынын программасы //Фрунзе: Кыргызмамбас. –1943. –20-22-б.

8. Т.Байжиев «Биздин адабият» (Орто мектептердин 5-класстары үчүн хрестоматия) //Фрунзе: Кыргызмамбас. –1948.

9. Бектенов З., Байжиев Т. Кыргыз адабияты» (/Фольклор/ орто мектептердин 8-класстары үчүн окуу китеби –Фрунзе: Кыргызмамбас –1949)

10. Ашубаев Д., Чекменов Н.«Пословицы киргизского народа» («Киргизстан» кн.: I. –1940.–с.213-220) «Советская Киргизия» (1940. –27-март, -№71)

11. К.Рахматуллин. Великий патриот-легендарный «Манас» //Фрунзе. –1943. –с. 80

12. Рахматуллин К. Манасчылар: библиогр. материалдар /К.Рахматуллин. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1942. – 124 б.

13. Советская среднеазиатская конференция по этнографии и фольклору // Тр. ин-та яз., лит. и истории.– Фрунзе, 1945. – Вып.1. – С. 20.

14. https://bilim.akipress.org/lib/book:708/v-m-zhirmunskij-vvedenie-v-izuchenie-manasa-frunze- 1948g/

15. К.Рахматуллин. Кыргыз совет адабиятынын чыгышы //Советтик адабият жана искусство.–1941. -№3 (17)–1-5 б.); М.И.Богданова «Фольклорное наследство киргизского народа»

//Советская Киргизия. –1945. –8-сентябрь; М.И.Богданова «Киргизская литература» //Очерк.–Москва: «Советский писатель». –1947. –290-б.

16. https://static-2.akipress.org/st_bilimlib/1/ 03bebc21af88326002ce68b71 c9c 478919a88aa6

17. Богданова М., Х.Карасаев. Адабият жана анын багыттары жөнүндө кыскача түшүнүк //Советтик Кыргызстан, 1943. №3–64-73-б.; Кыргыз фольклорун классификациялоо боюнча бир нече маалыматтар //Китепте: СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын эмгектери.–т.I.-№1.-Чыг.I.–Фрунзе:Киргосиздат.–1943.–147–156-с.

Рецензент: Жумаев М. – филология илиминин доктору, Ж.Баласагын ат. КУУнун профессору